***Сажиде Йылмазел***
*Бишкек гуманитардык университети*

# ӨКҮМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН ӨЛКӨЛӨРДҮН ТУРИЗМ ПОЛИТИКАСЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Бул иштин максаты; айрыкча өнүгүп келе жаткан өлкөлөр туризм политикаларын түзүп жатканда, борбордук мекемелердин колундагы күчтү жоготуудан коркпостон, жергиликтүү бийлик, коомдук ишканалар жана башка кызыктарлар менен кызматташып, өлкөлөрүнө алып келүүчү пайдаларды түшүндүрүү. Негизинен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, күчтүү бир туризм экономикасын жаратуунун жолу, борбордук бийлик, жергиликтүү бийлик жана мамлекеттик эмес уюмдардын биригип аракет кылуусунун натыйжасында пайда болуусу көңүлдү бурат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Туризм политикасы, мамлекеттик эмес уюмдар, мамлекеттик эмес уюмдар менен турзим политикасынын байланышы.*

Туризм, бүгүнкү күндө өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсүндө өтө чоң мааниге ээ. Ошондуктан өлкөлөр кызмат көрсөтүү чөйрөсү деп аталган туризмден дагы көп өлчөмдөгү киреше алуу үчүн күчтүү атаандаштык жана жарыштын ичине кирүүдө.

Туризм, бир канча сектор жана саясий окуялар менен байланыштуу иш-аракеттин бир бөлүгү болгондуктан, туризм саясаты; акча, жеткирүү, реконструкция, ички жана тышкы соода, билим берүү, айылчарба сыяктуу өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес секторлордун, чечим кабыл алуучулардын жоруктары, мамилеси жана саясаттарына көңүл бурбай жана баа бербей, максатын ишке ашыруу жана ийгиликке жетүүчү мүмкүнчүлүктөргө ээ боло албайт (Олалы жана Тимур, 1988: 317).

Туризм, тек кана экономикалык багыттагы сектор катары эсептелбейт, ошол эле учурда дүйнөдөгү бир канча адамдарга таасирин тийгизген универсалдуу, динамикалык, саясий кубулуш жана ар түрдүү маданий коомчулуктан адамдарды бир жерге чогулткандыгы үчүн эл аралык ынтымакка дагы кызмат кылууда. Айрыкча айлана-чөйрө, табигый булактар, жергиликтүү коомчулуктун салттык жана маданий баркына дагы таасирин тийгизет. Туризм секторунун оң жана терс таасирлеринин негизинде мамлекеттик башкаруу, туризмге туризм политикасы аркылуу кийлигишүүдө (Элиот,1997: 2).

Туризм окуясы, бир өлкөнүн экономикалык жана саясий иш-аракеттери менен жакындан байланышта болгондуктан, туризм политикасы жана бул политиканын максаты менен экономикалык жана саясий политикалардын максаттары арасында байланыш пайда болот. Туризм политикасы ийгиликтүү болушу үчүн, бул политикаларга коомдук ишканалар, кесиптик мекемелер, жергиликтүү бийлик, жеке ишканалар жана университеттердин тиешеси өтө маанилүү. Айрыкча элдин катышуусу менен пайда болгон мамлекеттик эмес уюмдар, туризм политикасын ишке ашырууда чоң мааниге ээ.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө туризм политикалары борбордук бийлик тарабынан түзүлүүдө жана бардыгынын баш ийүүсү талап кылынат.

Бул иште алгач туризм политикасы жана туризм политикасына болгон муктаждыктар баяндалган. Кийин мамлекеттик эмес уюмдар жана алардын өзгөчөлүктөрү айтылып, мамлекеттик эмес уюмдардын өлкөлөрдөгү туризм политикаларына тийгизген таасири жана зарылчылыгы баяндалган.

Туризм политикасы

Туризм политикасынын эң жөнөкөй мааниси, туризмди өнүктүрүү жана туристтердин санын көбөйтүү үчүн алдын ала көрүлүүчү иш-чаралар жана каралуучу усулдар тууралуу берилген сунуштар катары түшүндүрүлөт (Улужак жана Язгы, 2001: 220). Олалынын көз карашы боюнча болсо « бир өлкөнүн калкына, туризмге катышып материалдык жана моралдык эс алуу жерлерин камсыз кылуу, табиятты коргоо, туризмге болгон муктаждыктарын камсыздоо үчүн керек болгон жана туура келген жогорку жана төмөнкү структураны куруу максатында мамлекеттик башкаруунун туризм багытына болгон ар түрдүү түз жана жанама көз караштары». (Олалы, ш.30). Ошондуктан туризмдин өнүгүүсү жана туура багытталуусу үчүн мамлекеттин системалуу түрдө туризмге кийлигишүүсү жана туура политикалар түзүүсү зарыл.

Бул кийлигишүүдө;

1-Туризм политикасы, туризмдеги камсыздоо жана талаптар тарабынан абалды жакшыртуу үчүн керектүү негиздерди белгилейт.

2-Туризм политикасы, туризм багытында колдонулган жана сунушталган ой пикирлерге, колдоно турган чараларга тийгизүүчү таасирлерди изилдейт.

3-Туризм политикасы туризмдин өнүгүүсү үчүн жаңы максат, байланыш жана мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтөт. (Олалы,ш.30)

Туризм политикасы, уюмдаштырылган коомдо, туризмдин экономикалык жана экономикалык эмес функцияларын туура колдонуу, туризмдин терс таасирин эң төмөнкү даражага түшүрүү максаты менен туристтик өнүгүүнүн жүрүшүнө чыгарылган оң чечим жана сектордогу иш-чаралар болуп эсептелет. (Олалы, Назилли, Кыржыоглу, Сүмер; 1983, 320).

Экономиканын өнүгүүсү жана өсүүсүндө маанилүү ролго ээ болгон туризмдин өлкөлөрдө өнүктүрүлүүсү үчүн ар түрдүү политика жана жоболордун түзүлүшү зарыл. (Ш.Демиркол, К.Окай, ш.6). Туризмде белгилүү бир жобо жана программасыз түзүлгөн өнүгүүлөр, өлкөгө кыска мөөнөттө киреше алып келсе, узак мөөнөттө маанилүү зыян келтирүүдө. Ошондуктан туризмдин контролдуу өнүгүүсү үчүн туризм политикаларынын түзүлүүсү жана өнүгүүсү ушул политикалар аркылуу болуусу зарыл.

Туризм политикасы, уюмдаштырылган коомдо, туризмдин экономикалык жана экономикалык эмес функцияларын туура колдонуу, туризмдин терс таасирин эң төмөнкү даражага түшүрүү максаты менен туристтик өнүгүүнүн жүрүшүнө чыгарылган оң чечим жана сектордо алынган чаралар болуп эсептелет. (Олалы, Назилли, Кыржыоглу, Сүмер; 1983, 320).

Туризм, тек кана экономикалык багыттагы сектор катары эсептелбейт, ошол эле учурда дүйнөдөгү бир канча адамдарга таасирин тийгизген универсалдуу, динамикалык, саясий кубулуш болуп эсептелип, ар түрдүү жерлерден адамдарды бир жерге чогулткандыгы үчүн эл аралык ынтымакка дагы кызмат кылууда. Айрыкча айлана-чөйрө, табигый булактар, жергиликтүү коомчулуктун салттык жана маданий баркына дагы таасирин тийгизет. Туризм секторунун оң жана терс таасирлеринин негизинде мамлекеттик башкаруу, туризмге туризм политикасы аркылуу кийлигишүүдө. (Элиот,1997: 2).

Бүгүнкү күндө эл аралык туризм багыты боюнча чоң киреше алып келген өнүккөн мамлекеттердин катарында, өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө активдүү жана динамикалык таасир калтырган туризм, чоң өлчөмдө киреше алып келген жана чет элдик валюталарды камсыздаган, өнүккөн инвестициялар менен жаңы кызматташтык түзүү мүмкүнчүлүктөрүн жараткан, экономикалык жашоодо саясий жана маданий турмушка дагы оң пикирде болгон маанилүү секторго айланган.

Туризм политикасына болгон муктаждыктар

Туризм политикасы өлкөнүн шарттарына жана эл аралык конъюнктурага байланыштуу ыңгайлуу болуусу зарыл. Бир өлкөдөгү туризм политикаларынын ийгиликтүү болуусу үчүн ыңгайлуу жана динамикалык болуусуна маани берилүүсү зарыл.

Олалынын пикири боюнча (1990: 32-33) бири-биринен айырмаланган бир топ себеп жана муктаждык, бир туризм политикасынын белгиленүүсүнө жана текшерүүлүсүнө зарылчылык туудурат. Бул себеп жана муктаждыктар төмөндөгүдөй:

a) Туризм кызматтары, тек кана мамлекеттик бийлик тарабынан даярдалат жана аны көзөмөлдөп туруу деңгээлиндеги чоң бир экономикалык саясий кызмат болуп эсептелет.

b) Туризм секторунун башка секторлор менен болгон байланышы жана секторго байланыштуу көйгөйлөрү, мамлекеттин кийлигишүүсүнө мажбур кылат.

c) Туризм секторунун чоң өлчөмдөгү инфракурулушка болгон муктаждыгы, милдеттүү түрдөгү чоң жана тиркелген капиталдык инвестицияларга, мамлекеттин колдоосуна, көмөгүнө жана үлүшүнө зарылчылык жаратат.

d) Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жеке ишкананын жеткиликтүү даражада өнүкпөгөндүгү, мамлекеттин туризмде активдүү ролду аткаруусуна зарылчылык жаратат.

e) Мамлекеттин жалпы экономикалык политикасында, туризм секторунун тартиптүү жана тең салмактуу өнүгүшүн көздөгөн бир политика түзүлүүсү зарыл.

f) Тышкы төлөмдөр балансында пайда болгон үзгүлтүксүз түшүндүрмөлөр жана акча алмаштыруу жайы, активдүү тышкы туризмде дагы, пассивдүү тышкы туризмде дагы кээбир чараларды көрүүгө зарылчылык жаратат.

g) Туризмдин конъюктордун өзгөрүүлөрүдө сезимталдыгын пайда кылуучу улуттук жоготуулар, туристтик пропаганда жана жарыянын оор баалуулугу, эс алуунун убакыт жана жерлерде теңдикти сактоо зарылчылыгы, саясий туризмди өнүктүрүү политикасы сыяктуу ар түрдүү себептер, туризм багытында мамлекеттин пикирлерин көздөйт.

Туризм окуясы, бир өлкөнүн экономикалык жана саясий иш-аракеттери менен жакындан байланышта болгондуктан, туризм политикасы жана бул политиканын максаты менен экономикалык жана саясий политикалардын максаттары арасында байланыш куруусу зарыл. Туризм политикасынын башкы максаттары төмөндөгүлөр:

a) Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө таасирин тийгизүү:

Экономикалык өнүгүү, бир өлкөдө бир жыл ичинде жалпы улуттук түшүмдүүлүктү камсыздаган өнүгүү болуп эсептелет. Туризм политикасынын максаты, түшүм факторлорун, потенциалдык булактарды жана товар чыгаруучу күчтөрдү иштетүү менен, өнүгүүнү тездетүү башкача айтканда жалпы улуттук түшүмдүүлүктүн өсүшүнө өз таасирин тийгизет.

b) Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө жардам берүү:

Экономикалык өнүгүү, жалпы улуттук түшүмдүүлүктү камсыздаган өсүүнүн түшүм факторлору арасында бирдей бөлүштүрлүүсү болуп эсептелет. Өсүү экономикалык кубулуш болсо, өнүгүү саясий кубулуш. Туризм политикасынын максаты, бир аймакка келген которууларды камсыздап, кирешени тең бөлүштүрлүүсүнө жардам берүү.

c) Өлкөдө жумуш менен камсыздоону иш жүзүнө ашуусуна жардам берүү

Туризм политикасы, автоматташтырууга жана механикалаштырууга өтө аз мүмкүндүк берген туризм секторундагы эмгек талабы товар чыгаруучу техниканын өзгөчөлүгүнөн, жумуш орундарын ачуу максатында жумуш менен камсыздоо талабы арасында тең салмактуулукту сактоо максатын колдонот.

d) Баа туруктуулугун ишке ашырууга жардам берүү:

Туризм менен баанын туруктуулугунун арасындагы байланышка жөнөкөй бир жакындатуу жасалса, алгач туризмдин козгоочу, тездетүүчү инфляциянын тийгизген терс таасирлерине туш келет. Туризм инфляциялык басым жасоону алып келген бир аракет болуп

эсептелет. Бирок туризм, түшүмдүүлүктүн өлчөмүн жогорулатууда козгоочу ролду аткарып, акча которуулардын оң тарабына таасирин тийгизип, валюта курстарынын төмөндөшүнө, акчага болгон кадыр-барктын ашуусуна жана инфляцияга тоскоолдук кылууга таасирин тийгизген бир фактор ролун дагы аткарат.

е) Тышкы төлөмдөрдүн тең салмактуулугуна оң таасирин тийгизүү:

Тышкы төлөмдөрдүн тең салмактуулугу, бир өлкөнүн бир жылда чет өлкөлөргө товар, капитал, кызмат жана туристтик байланыштардан улам киреше жана чыгашанын бардык суммасын көрсөткөн жыйынтык. Туризм политикасынын максаты, туризмден камсыздалган таза кирешелерди жогорулатып, туризмдин тышкы төлөмдөрүнүү тең салмактуулугуна болгон таза үлүшүн көбөйтүү.

f) Эл аралык туристтик жерлерди максат кылган адамдарга таасирин тийгизүү:

Туризм политикалары, тышкы туризмдин төлөмдөрүн тең салмактуулугуна оң таасирин тийгизүү үчүн тышкы саякаттарга бөлүнгөн валютанын өлчөмүн чектөө сыяктуу, тышкы саякаттардын өлчөмүн дагы чектей алат.

g) Туризмдин саясий функцияларындан коомду пайдаландыруу:

Туризмдин маданий, ден соолук, эс алдыруучу өзгөчөлүктөрүнөн мүмкүн болушунча көптөгөн адамдардын пайдалануусун камсыздоо.

h) Экономиканын товардын түрүн көбөйтүү:

Экономика аз түрдө товар чыгарган учурда, бир канча муктаждыгын импорттоо жолун менен камсыздоого мажбур болот. Бул дагы тышкы соода жана төлөмдөрдүн тең салмактуулугу менен байланыштуу көйгөйлөрдү жаратат. Туризм тикелей жана жанама экспорттун түрүн жана товардын түрүн жасайт. Мындайча, туризм политикасынын бир максаты дагы бул товардын түрүн жогорулатууда.

I) Кирешени бөлүштүрүүдөгү теңсиздиктердин азаюусуна тийгизген таасири:

Туризм, жумуш орундарын ачкан кызмат сектору болуп эсептелет. Жумуш менен камсыздоо мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейүүсү, эмгек ээлерин жалпы улуттук түшүмдүүлүктөн дагы да көп үлүш алуусун камсыздайт. Мындайча улуттук кирешенин бөлүштүрүүдөгү теңсиздиктер барган сайын жоюлат.

i) Аймактар арасындагы өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жоюуга жана тең салмактуу өнүгүүнүн койгон максатына таасирин тийгизүү.

Туризм политикасынын башка максаты, туризмдин бир аймакка жасаган мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, аймактын экономикалык өнүгүүсүнө жардам берүү. Бул максат, физикалык товарды жогорку деңгээлге жеткирүү, жумуш орундарын куруу жана аймактык кирешелерди жогорулатуу аркылуу ишке ашырылат.

j) Табигый жана тарыхый булактарды коруу:

Туризмди тек кана экономикалык жактан колго алган көз караш жана политикасы, табигый жана саясий чөйрөнүн бузулуусуна алып келиши мүмкүн. Туризм политикасы, туризмдин негизги булактарынын корголуусун, келечектеги урпактарга өткөрүп берүүсүн, булактардан үздүксүз жана туура пайдалануусун камсыздоосу зарыл. (Олалы, 1990:39-46).

**Башка милдеттери:**

Туризм өнөржайынын багытталуусу, ички жана тышты туризмдин өнүктүрүлүүсү, өлкөнүн иштеген жана товар чыгарган адамдардын эс алуу муктаждыктарын камсыздалуусу жана туризм багытынан эң жогорку деңгээлдеги кирешенин камсыздалуусу болуп саналат (Уста, 2009:194):

**Мамлекеттик эмес уюмдар**

Жарандык коом түшүнүгү, заманбап мааниде алгачкы жолу Адам Фергусон тарабынан 1767-жылы “Жарандык коомдун тарыхына тажырыйба жүргүзүү” деген макаласында колдонулган. Жарандык коомдун мүчөлөрү алгач мамлекеттен тышкаркы кызматтарда иштеген жана бул кызматтар мамлекеттик органдарына ар түрдүү басымдарды жасап, текшерип, өзүнүн кадыр-баркын коруган уюмдардан түзүлгөн мекеме деп түшүндүрүлөт.

Жарандык коом түшүнүгү, мамлекет менен бирге өмүр сүргөн, бирок аны менен бирдей эмес, а түгүл аны текшерген жана зарыл болгон учурда ага каршы болгон байланыштардын түйүндүсү. Жарандык коом, мамлекеттин кийлигишүү жана текшерүүсүнөн алыстагандыгынан улам келип чыккан, мамлекеттин коомдук көйгөйлөрү менен байланыштуу алынган чечимдерди контролдоп, сунуштарды билдирген, мамлекет алдындагы атайын негизделген жана пайдаларды көздөбөгөн сыяктуу өзүнө жетиштүү болгон бир коомдук структура болуп эсептелет. Кыскасы жарандык коом, адамдардын өзүнүн күчү менен уюмдаштырып, өзүн баркын билген, көпчүлүктөн жана каалоочулардан түзүлгөн, активдүү демократиянын максималдуу деңгээлде ал эми бюрократиянын болсо минималдык деңгээлде болуусу жана ар түрдүү коомдук, саясий, экономикалык жана маданий уюмдаштырылган иш-чаралар иретинде жүзөгө ашырылган уюмдаштыруучу кызмат бөлүмү болуп эсептелет. (Сарыбай,1998,s.43-44).

Мамлекеттик эмес уюмдардын (МЭУ) өлкөдө демократиянын өнүгүүсүнө үлүшүн кошуусу менен бирге, элдин жашырын күчтөрүн чогултуусунда жана баалоосунда, мамлекеттин жана бизнестин коомдук көйгөйлөрүн чечүүдө маанилүү ролду аткарып, адамдардын чыгармачылыктарын жана күчтөрүн бириктирип, маданий, экономикалык жана коомдук байланыштарды пайда кылуу процессинде маанилүү таасир калтырды десек болот ( Эркул, 2009,413). Өнүгүү политикалары алгач улуттук өнүгүү боюнча белгиленген, ал эми кийинки процессте аймактык өнүгүү жана жергиликтүү өнүгүү түшүнүктөрү алдынкы катарды ээледи. Бүгүнкү күндө мамлекеттик эмес курулуштар жоболуу өнүгүү политикасын колдонуу боюнча күч жумшоодо. МЭУнун негизги максаты мамлекеттин алдында күчсүз калган саясий калыптандыруудагы коомдук колдоону жогорулатуу жана билимдүү мекендештердин катышуусун камсыздоо. Мамлекеттик эмес мекемелер кайсыл багытта кызмат көрсөтсө дагы элдин жашоо сапатын жогорулатуу максатында иш жүргүзүшөт.

Дүйнөдө мамлекеттик эмес уюм катары бир канча уюмдарды түзүлүүдө. Бул уюмдар алгач жасаган иштери боюнча таанылат жана таасирлүү боло алат. Заманбап дүйнөдө мамлекеттик эмес уюмдар же башкача айтканда мамлекет эмес мекемелердин катышуусу менен демократиянын жүзөгө ашуусу жана демократиядагы көйгөйлөрдүн белгилүү бир өлчөмдө чечилүүсү жана башкы элемент болуусу үчүн маанилүү кызыктарлардан бири болуусу зарыл.

Бул учурда мамлекеттик эмес уюмдардын өзгөчөлүктөрү төмөндөгүдөй:

1-Киреше күтпөстөн

Мамлекеттик эмес уюмдардын эң маанилүү өзгөчөлүгү эч кандай киреше күтпөгөндүгүндө. Пайда алып келүүчү кызматтарда иштеши мүмкүн, бирок колго тийген киреше курулуштарга жумшалат.

2-Көз карандысыздык

Көз карандысыз мамлекеттин, саясий партиялардын, жеке сектор ж.б. тийгизген таасиринин астында калбастан, эркин түрдө аракет кылуу өзгөчөлүгү. Мамлекеттик эмес уюмдары дагы мыйзам чегинде жана өзүнүн уюмдук көзөмөлдөө бөлүмдөрү тарабынан көзөмөлгө алынат. Бул абал мамлекеттик эмес уюмдардын борбордук жана жергиликтүү мекемелерден көз карандысыз экенин билдирүү менен бирге, мамлекеттин пайдасы темасында саясий партиялардан башкача бир жол тутуу менен иштөө маанисин дагы билдирет. (Акатай 2009:65)

3- Өз эрки менен иштөө

Мамлекеттик эмес уюмдун мүчөлөрү өз эрки менен иштешет. Бул уюмдарга мүчө болуу, материалдык жана материалдык эмес темаларда колдоо көрсөтүү, мүчөлүктөн чыгуу, уюмга кызмат көрсөтүү сыяктуу иш-чаралардын бардыгын өзүнүн эрки менен жүзөгө ашырат.

4-Бир идеал жана көз карашка ээ болуу:

Бардык мамлекеттик эмес уюмдардын ар түрдүү идеалдары жана көз караштары бар. Мамлекеттик эмес уюмдар өзүнүн бар болуу себебин көрсөткөн көз караштарын жүзөгө ашыруу үчүн кызмат кылууда. Мисалы, “Туруктуу өмүр сүрүү принциптердин негизинде табигый активдерди коргоо, өлкөнүн жана дүйнөнүн келечегинде сөз ээси топурактан жаралган коомдук ынтымакты камсыздоо, билимдүү, эл менен бириккен, алдыңкы коомдук уюм болуу” болгон Түркия эрозия менен күрөшүү, көктөндүрүү жана табигый активдерди коргоо фондунун башкаруучулары жана мүчөлөрү ушул көз караш боюнча иштейт, иш-чара жана риторикаларын дагы ушул көз караш боюнча белгилейт ( Өмер дип/иш ш. 40).

**Мамлекеттик эмес уюмдардын өлкөлөрдүн туризм политикасына тийгизген таасири.**

Туризм өлкөлөрдүн ар бир аймагындагы потенциалды жандандырып, жаңы мүмкүнчүлүктөр жана жумуш орундарын ачып, өлкөнүн өнүгүүсүнө заманбап, экономикалык жана саясий жактан эң жогорку деңгээлге жетүүсүн камсыздайт. Ушулардын бардыгы жасалуудан мурда, албетте жобо жана политикалар түзүлүүсү зарыл. Мамлекеттик эмес уюмдар ынтымактан, коомдук пайдадан мүмкүнчүлүк алган курулуштар болуп эсептелет жана бүгүнкү күндө мамлекеттик башкаруу жана саясий бийликке таасирин тийгизүүдө. Ар түрдүү сектордогу мамлекеттик эмес уюмдар өздөрүнүн багыттары боюнча коомдук пайданы алдыңкы планга коюп, башкача чечим жана чараларды сунуштоодо, жергиликтүү жана улуттук маанидеги политикалардын түзүлүүсүндө таасирдүү каарман болууда.

Туризмдин жергиликтүү өнүгүүсүндө мамлекеттик эмес уюмдардын дагы ээлеген орду чоң. Туризм политикаларын өүнүгүүсүндө, экологиялык, тарыхый жана инсандык кадыр – баркты коргоосу жана өнүктүрүүсү сыяктуу туризмди жакындан кызыктырган темаларда мамлекеттик эмес уюмдар, бир жарандык бirimдик катары жол көрсөтүүчү жана басым жасоочу тобу деген өзгөчөлүктөргө ээ (Үнлүөнен,К., Севим Б.,2005 №:2).

Туризм политикаларынын ийгиликтүү болуусу үчүн, бул политикаларга мамлекеттик эмес уюмдар, кесиптик уюмдар, жергиликтүү башкаруу, жеке сектор жана университеттердин тийгизген таасири өтө маанилүү. Айрыкча, элдин катышуусу менен түзүлгөн мамлекеттик эмес уюмдар, туризм политикаларынын колдоно алуу тарабынан дагы зарылчылыгын көрсөтөт. Туризмдин бир өлкөнүн өнүгүүсүндөгү мaңызы тартышсыз, бирок ушул өнүгүү учурунда туруктуу туризм түшүнүгү менен иш жүзүнө ашуусу, аймактын же өлкөнүн булактарын жок кылбастан иш жүзүнө ашыруу өтө маанилүү. Фриимандын көз карашы боюнча мамлекеттик эмес уюмдар организациялардан башка топтор менен канчалыкты күчтүү байланыш түзө алса, орток максаттарын ишке ашырылуусу ошончолук оңой болот, антепесе байланыштар үзүлө баштаса орток максаттарга жетүү кыйындай түшөт. (Эртургут жана Сойшекежи 2009:246) Өмер дипломдук иш...

МЭУдар кайсыл багытта кызмат көрсөтсө дагы элдин жашоо сапатын жакшыртуу максатынын көздөшөт. Экология жана маданияттын кадыр-баркын коруу жана таанытуу фонду жана Түркия экология билим берүү фонду сыяктуу уюмдар, маданият жана табият активдерин коруу, табигый аймактарга болгон туризмдин аракеттерин кеңейтүү жана туризмдин товарларын коомчулукка таанытуу сыяктуу кызматтарды аткарышат. (Демиркол v.d. 2007:805)

Мамлекеттик башкаруу мамлекеттик эмес уюмдардан келген басым жана тоскоолдуктарды алдын алуу үчүн туура келген туризм политикаларын өнүктүрүү жолуна түшөт. Бүгүнкү күндө мамлекеттик эмес уюмдардын таасирдүү жана күчтүүлүгү өлкөлөрдүн туризм багытында дурус, экологиялык, туруктуу политиканы иш жүзүнө ашырганын жана узак мөөнөттө өтө көп маанилүү пайдаларды жаратканын көрүүдөбүз. Мамлекеттик эмес уюмдар туризм менен байланыштуу стандарттарды даярдоодо жана баалоодо мамлекетке, жеке секторго жана коомчулукка жардам берет. Туризмге байланыштуу проекттер даярдап, фонд жана демөөрчүлөрдү таба алат, айрыкча коомчулукка билим берүү кызматтарын аткара алат. Туризм секторундагы мекемелердин ээси элге билим берүүдө коом менен жеке сектор арасындагы байланышты камсыздайт.

Шаарларыбыздын, ал жерде өскүп-жетилгендер менен бирге күн тартибине келечекти коюунун башка мааниси да, капиталдык биригүүнүн булагына кайтуусу жана ошол жердеги табигый жана маданий кадыр-барктын колдонууга берилгендиги. Бул эмгек жеринде жумуш ордун ачууда колдоо көрсөтүлө турган жаңы инвестиция жана организациялардын түзүлүшүнө жана натыйжада өнүгүүнүн табигый негизи туризм экономикасынын башталуусуна себеп болгон. Кеңейтүү жана колдоо системалары дагы буга параллель түзүлүшү менен аймактагы жаштардын кыска мөөнөттөгү билим менен камсыздалуусуна дагы мүмкүнчүлүк туулат. Айрыкча туризм жана маданият туризми багытында маалыматка ээ болгон жашоочулардын жашаган жеринде саякатчы болуусу башкача бир сезимди ойготот.

***Адабияттар***

1. Акатай, А, Мамлекеттик эмес мекемелери – башкаруу жана эртүү, Чанаккале, 2009.

2. Айдын,С. http://www.turizmdesonnokta.com/yazi.aspx?id=1464&y=2, 24.09.2013

3. Чобан, Ө. Экологиялык мамлекеттик эмес уюмдарынын Түркиядагы Чынжыр отелиндеги экологиялык политикаларына тийгизген таасири, Чанаккале Онсегиз Май университети, Гуманитардык институту, Туризм кафедрасы, магистратура дипломдук иши. 2011.

4. Демиркол, М, Дениз жана Э.Ажар, Туризм секторунда мамлекеттик эмес мекемелердин ролу жана мааниси: Дүйнө, Европа жана Түкркия (редактор: И.Хаккы Эраслан жана Мелих Булу). 2007.

5. Демиркол, Ш, Октай К. Турзим политикаларына альтернативдүү жакындоолор, 6 Авжы Офсет. 2004.

6. Элиот, Ж. (1997), Politics of Tourism, London: Routledge

7. Erkul, H. “Саясий ишкердик көз карашы боюнча табият жана экологияны коргоо фонду (DOCEV)”, VI. Эл аралык мамлекеттик эмес уюмдары конференциясынын макалалар китеби, Чанаккале 23-25, Октябрь 2009, Чанаккале Онсекиз Март университети, Экономика жана башкаруу факультети , 413-423, Чанаккале, 2009.

8. Олалы, Х. Туризм политикасы жана пландоосу,.29-70 б., Стамбул: Багыттоо агенттиги. 1990.

9. Олалы Х. Тимур А. Туризм экономикасы, Измир, коммерциялык басып чыгаруу офиси. 1988.

10. Олалы Х. Назилли С., Кыржыоглу Э.Н. Сүмер М. Тышкы жарыя жана турзим, Анкара: Түркия Ankara: Бизнес банкы маданий басмакана. 1983.

11. Сарыбай Й. Жарандык коом-мамлекет менен байланышы же демлкратиянын этикасы, жыйнактар басмаканасы. 1988.

12. Улужак, Э. М.А.Язгы. Турзим, Стамбул: Окйай басмаканасы. 1998.

13. Уста, Ө. Турзим-жалпы жана структуралык жакындоо, Анкара. 2009.